# КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫНЫН КАБАРЛАРЫ

# ИЗВЕСТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ АКАДЕМИИ ОБРАЗОВАНИЯ

Подпись
Ученый секретарь

ISSN 1026-9045

***Муратов А. Ж.***
Кыргыз эл педагогикасындагы «убал» түшүнүгү ....................................................................45

***Муратова А. М.***
Эненин бешик ыры – баланын сезимталдыгынын башаты ....................................................................49

***Талиева К.А.***
Тектеш элдердин баатырдык эпосторундагы каада-салт жөрөлгөлөрүнүн чагылышы ....................................53

***Талиева К.А.***
Түрк тилдүү элдердин баатырдык эпосторундагы айрым окшоштуктар ....................................................55

***Абдулахамидова Б.Н., Кыбыраева М.О.***
Воспитание детей на этнокультурной основе ....................................................................59

***Абдыразакова К.С.***
Фольклор – улуттун сыймыгы ....................................................................60

***Акылбекова Г.Ш.***
Тыюу жана тергөө сөздөрүн лингвомаданияттаануу багытында иликтөө ....................................................63

***Алиева К.***
Башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө туура тарбиялоонун педагогикалык шарттары ....................................67

***Каденова З.А.***
Элдик таалим-тарбиянын интеллекттин калыптанышындагы орду ....................................................69

***Бабаев Д.Б., Миталипов К.М.***
Башталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын негизинде
толеранттуулукту калыптандыруу ....................................................................70

***Алимбаева С.А.***
Рождение новой идеи: о критическом мышлении ....................................................................74

***…ошбаев А.Б., Касымбеков Б.К.***
Элдик оозеки чыгармалардагы мекенди чыңдоо жана көздүн карегиндей сактоо идеясы ....................................77

***Амиракулова Н.Н.***
«Манас» эпосундагы таалим-тарбия маселелери ....................................................................81

***Арынбаев Э.***
Математика сабагында пайдаланылуучу интернет маалымат булактары ....................................................83

***Бабеков А., Тыныбекова Г.Т., Карабаев Ж.***
Окутуу жана тарбиялоо процессиндеги социалдык-педагогикалык кубулуштардын мааниси ....................................89

***Батыралиев А.***
Кыргыз элдик педагогикасынын жарчысы ....................................................................92



заверяю
Ученый секретарь
КРУ им. ... БАЕВА

Малдын көзүнчө соң турганын айтпайт ж.б.

Адамдар бир гана үй жандыктарына карата эмес, жапайы жаныбарларга карата да «убал» түшүнүгү менен мамиле кылган. Мергендер бооз кезинде илбээсинди атпайт, оңко тургузгандан кийин аңчылыгын токтотот. Эрте жазда эң алгачкы келген келгин куштарды, мисалы, чабалекейди, жылкычы кучкачты таш менен урбайт, кубалабайт, бул жазды кууган менен барабар дешет, канаттуунун уясын бузбайт, аны бузуу – өз уясын бузуу менен барабар катары кабыл алынган. Чөптү кор кылбайт, чөптү кор кылса, көзгө зыян, көр болот дешкен.

Бул же тигил жандыкты убал кылсаң алардын пирлери сени жазалайт деп жүздөгөн пирлерди касиеттүү, ыйык туткан, алардын жаза берерине ишенген. Майда жаныбарлар, мисалы, курттун пикир – Кара Чаян, чегирткеники – Черте Баян, кумурсканыкы – Кумпа Баян, суурдуку – Солтон Мерген дешип, ошол эң эле майда куртту да, кумурсканы да, чегирткени да өлтүрбөгөн, майып кылбаган, алардын убалынан корккон.

Мына ушундай элдик ишенимдер жана элдик табыркалар байыртадан адамдарга буларды кылууга болбойт, эгер андай кылсаң «убал» болот деген нравалык эреже-нормаларды ибараттап келген.

Убал – калктын: таалими, тарбиясы, үлгүсү, өрнөгү, акылы, кеңеши, эскерүүсү, насаат-ибараты, керээзи.

Азыркы педагогикада компетентүүлүк деген түшүнүк бар, ал окуучулар алган билимдин, ык, машыгуулардын жыйындысы, б.а, турмушта жашап жана адистиги боюнча иштеп кетүүгө жарамдуулук, ыңгайлашкандык. Мында башкы орун мектепте берилген билимге бурулса, элдик педагогикада ал билим дээрлик жок, мында негизги нерсе практикалык машыгуулар, адаттануулар. Андыктан да элдик педагогдор теоретиктер эмес, практиктер болгон. Алар билим берүүчүлөр эмес, кандайдыр бир ишмердүүлүктү, өнөрдү, таалим-тарбия жолдорун үйрөтүүчүлөр болгон. Казактарда «баланды өз тарбияң менен тарбиялаба, өз улутуңдун тарбиясы менен тарбияла» деген макал бар, анын сыңарындай биз да мектепте билим жана тарбия берүү процессин улуттук тарбия менен жабдуубуз керек.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б., 2002.
2. Иптаров С. Кыргыз жан дүйнөсү. Этнолингвопедагогикалык илик. – Б., 2012.
3. Кыргыз тилинин сөздүгү. А.Акматалиевдин жалпы редакциялоосу астында. – Б.: «AVRASYA PRESS», 2010 – 1247-б.



**А. М. Муратова,**
**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,**
**ага окутуучу**


## Эненин бешик ыры – баланын сезимталдыгынын башаты

*«Термеле бер, термеле бер,*
*Биз бөлөнгөн арча бешик»*
*(Б.Абакиров).*

«Музыкага окутууга ушунча убакыт, нервинди кетирбестен, андан көрө пайдалуу бир нерсе менен алектенсе болмок беле, мисалы, спорт,же чет тилдерин үйрөнүү, жок дегенде жөн эле эс алуу..... Музыка адамдын өзүнө же келечегине эч деле жардам бербейт го» - деген кат колума тийип калды. Бул катка төмөндөгү ыр саптары менен жооп берсем.

«Мен суу ичпейм таңдай катып турганда
Мен нан жебейм алдан тайып турганда
Музыкадай мага таттуу суусун жок
Берчи мага жарым кашык музыка» А. Осмонов.

Балага музыканын эмне кереги бар? Ооба чындыгында баланын аң – сезиминин өстүрүүчү окууга жана тарбияга көп көңүл бурабыз. Заманыбыздын акылман, илим – билимдин жетишкендиктеринен калышпай алдыда жүргөн инсандары аз эмес, ошондой болсо да эстетикалык тарбия берүүдө адамдардын сезим маданиятын тарбиялоо бүгүнкү күндүн эң башкы талабы деп ойлойм.




заверяю
КГУ им. И. АРАБАЕВА

Түшүндүрмө сөздүктө: «Убал – күнөө, бирөөнү жапа чектиргендиги, бирөөгө залакасын тийгизгендиги, туура эмес иш үчүн жоопкерчилик» деп түшүндүрүлөт [1]. Мына ушул түшүнүк биздин учурга эки багыттан жетти: биринчиси – байыртадан келе жаткан элдик тарбиялык маданият катары; экинчиси – ислам дининин түшүнүгү катары. Эки булак бири-бирин толуктап, бири-бирин коштоп, инсанды таза жашоого үйрөтүп келет. Ислам дининин шарияты боюнча эгер бул дүйнөдө убал иш кылсаң, анда тигил чыныгы дүйнөдө тозокко түшүп, азапка каласың, кыяматтын кыл көпүрөсүндө, тозок отунда сенин убал иштериң үчүн жооп берүүгө милдеткерсиң. «Убал-сооп» деген түшүнүк да ошондой, жаман-жакшы жүрүш-турушуң үчүн сурак беришиң керектигин эскертип турат.

Кыргыз элинин ой жүгүртүүсүндө азык-оокатка өзгөчө маани берилип, алар ыйык катары саналып, ошол ыйыктык бузулган учур убалга өтүлөт. Биринчи убал нерсе – нан. Нан бардык ыйыктардын ыйыгы катары эсептелген. Мисалы, биз бала чакта жолдо бир сындырым нан жатса, же нан күкүмү турса, аны үйлөп-үйлөп туруп, оозго салып, «биссимилла» деп жеп коңр элек. Азыр ошол биздин курактагы 4-10 жаштагы балдар ошондой кылса, анын «папа-мамалары» көрүп калса, чый-пыйы чыгып, баласы оор күнөө кылгандай «ташта, мусор» деп жазалап кирет. Биз нандын убалынан коркчубуз, эгер биз нанга андай мамиле кылбасак, нан бизди таанып, элге ачарчылык келет деп түшүнчүбүз. Эгер нан такыр тебелендиде калса, аны адамдын буту баспаган бийик жерге коюп коюшкан, итке, парандаларга алып барып беришкен. Нанга мамиле – кыргыз элдик педагогикасында «убал», «кор» түшүнүктөрү менен тыгыз байланыштуу. Айрым элдик тыйымдарды карап көрөлү:

Нан куран окуткан жерде дасторконго так коюлат.

Нан сурап келген кишиге үйдө нан болсо сөзсүз берет.

Нан жаап жатканда дандырдын артына өтпөйт, өтсө нан жармашпай түшүп калат дешет.

Нанды дасторконго койгондо жуп болушу керек.

Нанды жерге таштабайт.

Нан менен ойнобойт.

Нанды конокко алып барганда жуп болуу керек.

Нанды ыргытып бербейт.

Нандын үстүнө башка нерсени бастырып таштабайт.

Алыс жолго адам кетерде нандан кертип тиштеп койгон, анан ошол нанды ошол бойдон сакташкан. Кайра келген соң баягы нанды сууга, же тамакка чылап жешкен ж.б.

Бул түшүнүктөр нандын убалынан корккондук менен байланышат. Нанга туура эмес мамиле кылсаң, анын жазасын тартасың, мисалы, нанды тебелешкен эмес, мейли, адам болсун, бала болсун, мал болсун, нанды тебелесе, анын убалына калат. А анын убалына калган киши көр болот деп айтылат. Адамдын дене-боюндагы эң маанилүү бөлүк – көз, ошол көз нанды көрбөдүбү – демек, ал ошол адамга кызмат кылууга татыксыз, андан көрө анын барынан жогу деп түшүнүшкөн. Нанды тепсемек түгүл, аны тескерисинче да койбойт, эгер аны тескери койсоң нан таарынат дешкен, а нан таарынса, үйдөн кут учат деп түшүнөт. Эл кутту асмандын түшүп келүүчү жалтырак бир буюм катары түшүнгөн, аны учуп келет жана учуп кетет, «куту учуп кетти» деп туюнушкан. Кутту көргөн кишилер да болгон. Демек, нандын тескери коюлганын көрүп турган ошол кут бул үйдү чанып кетип калат деп балдарды нанды оң жагы менен коюуга көнүктүргөн. Андыктан нан сындырып жаткан адамды баары карап турушат, кокус ал байкабай нандын сындырымдарын тескери коюп койсо, дароо оңунан оңдоп коюшкан. Нанды эки колдоп аярлап сындырышат, нанды бир колдоп үзүп алган – кесирликтин белгиси, ал адам бир нерсени көрөт дешет. Элдик насаатта нанды өтө кичинеден сындырбайт, андай кылса жашоо-турмушу да ошол нандай майдаланып кетет, нандын бетин сыйырып алып жебейт, андай кылса кудай сенин бетиңди да ушундай кылып сыйрып алат дешет.

Нанга мындай мамиле – адамдарды үнөмдүү болууга, адамзаттын башкы азыгы болгон нанга ыйык катары кароого тарбиялаган. Тилекке каршы, нанга ушундай мамиленин жоктугунан азыркы Бишкектин балдарынан «Нанды кайдан алабыз?» десең, «Народныйдан» деп жооп беришет.

Дагы бир убал нерсе – от жана күл. Эмне үчүн от жана күл убал катары каралат? Бул байыркы кыргыздардын жашоо тиричилиги менен байланыштуу. Көчмөндүк турмушта от – жашоо деген менен барабар болгон. Кыргыздардын асмандан жааган оттон металл алып иштеткендиги тууралуу маалыматтар бар, демек, от алар үчүн асмандын, Көк Теңирдин белеги. Экинчиден, кыргыздар байыркы динге сыйынган учурда алардын жасатын өрттөп жибергендиги айтылат, демек, күл – бул тебелешке болбогон ыйыктык, себеби

Подпись ____ заверяю
Ученый секретарь ____
КГУ им. И. Арабаева

ал – адамдын денесинин бир формадан башка формага өткөн түрү. Андыктан элдик ишеним, тыйымдар боюнча:

Отко түкүрбөйт, отко түкүрсөң, оозуңа жара чыгат.

Отко суу куюп өчүрбөйт.

Отко сийбейт.

Отту түнү сыртка калтырбайт, калтырсаң аны албарсты алып кетет да, отсуз каласың.

Албарсты оттон гана коркот.

Отту түнү сурап келгендерге бербейт.

Караңгыда оттон чычаланы алып чыгып, жогору кылып булгалабайт.

Ошол от гана эмес, от жагылган очокко да мамиле ыйык болот. Очок – от жагылган жер гана эмес, адамдарды баккан, тоюндурган, демек, ага туура эмес мамиле кылуу да – убалдын убалы.

Отунду күйүп жаткан кемегенин (очоктун) оозуна жарбайт.

Очокту аттабайт.

Очокту айланбайт.

Очокко сийбейт.

Очок курганда ташты, топуракты тебеленбеген жерден алат ж.б.

Жаңы келинди же күйөө баланы «отко киргизүү» деген түшүнүк бар, эмне үчүн «үйгө киргизүү», «кайын ата, кайын эне менен бет ачышуу», «таанышуу» ж.б. эмес – «отко киргизүү». От бул – ырыскы, от бул – ошол үйдүн азык-оокатына, казан-аякка баш боло алуу. Адамдар очокту тегеректеп, от боюна отурушкан, ошол жерде үй-бүлөлүк маселелер талкууланган, чечилген, демек, жаңы үй-бүлө ошондой салтка кошулууга эми татыктуу болот.

От, очок гана эмес, анын чыгындысы – күлү да убал түшүнүгү менен байланыштуу.

Күлгө сийбейт.

Күлдү жолго төкпөйт.

Күлдү тебелебейт. Күлдү тебелесе, буту оорукчан болуп калат.

Күлдү чачпайт. Күлдүн чачсаң – айылың чачылат да ошондой болуп. Же күлдү чачсаң – андагы жин-шайтандар чыгып кетет.

Күл дөбөгө чыкпайт.

Күл дөбөгө күүгүмдөн соң барбайт.

Күлдү убал болот деп аңолуу, эч кимдин буту баспаган жерге төгүшкөн. Балдарды күл төгүлгөн жерге ойноткон эмес, мал-алды да ал жерге жакындатпаган. Жайлоого чыкканда күл төгө турган атайын чуңкур казып, кыштоого кайтарда, же конуш которууда аны көөмп салган. Каргыштын эң оорлорунун бири – «Күлүңдү көккө сапырамын». Кызмат кылуунун эң мыктысы – «Оту менен кирип, күлү менен чыгуу».

Адамдарды убалга алып баруучу нерселердин дагы маанилүүлөрү ошол очокто отко бышкан тамак-аштар. Кыргыздар тамак-аштын ичинде акты (айран, кымыз, сүт, чалап, жарма, эзилген курут, атала ж.б.) кесеге мелт-калт толтура куюшкан, акты төкпөгөн, ак сурап келсе, жок деп айтпаган, мейманды эң биринчи ак сунуп тосуп алган, жолдон өтүп бара жаткан жолоочуну үйгө чакырганда «ак ичип кет» деген, эгер жолоочу шашып бара жатса да жолуккан үйдүн ээси «ак ичип кет» десе, аттын башын буруп, жок дегенде ак ичүүгө токтогон. Ак сунган адамга кыянаттык кылынбаган. Актын ичинде ууз сүттү үй ээси жалгыз ичпей коңшу-коло менен кошо ичкен.

Сары май да өзгөчө азиз тамак болгон. Бала бойго бүтөрүн сезген анын тай энеси карынга май сала баштаган. Бала жарык дүйнөгө келери менен анын эң биринчи таткан татымы – сары май, же койдун куйрук майы. Азыркы медицина дал ушул майларда адамдын ичиндеги зыяндуу бактериялардан тазалоочу, дизинфекциялоочу касиет бар экендигин илимий жактан далилдеп атканда, ашказан оорусун эрте менен бир кашык сары майды ысытып ичип айыктырып жаткан учурда биздин элдин байыртадан бери келе жаткан майга мамилесине таң калбай коюуга болбойт. «Сары май турган жерге дарт турбайт» деп коюшат элибиз. Дасторконго коюлган сары майдан сөзсүз оор тийүү керек, сары майдан ооз тийбесең ал мендей болуп саргарып кал деп каргайт экен деген ишеним түпкүлүгү элдин көп кылымдык табыркаларынан келип чыккан. Андыктан да сары майга өзгөчө мамиле кылып, аны тамчылатып койсоң, же төгүп алсаң, убалында каласың деп айтышкан.

Элдик этикалык түшүнүктө тамакка кесирленүү, тамактын убалы адамды ач калууга алып барат, ал гана эмес бүтүндөй үй-бүлөсүнө, урусуна, мал-алына кырсык алып келет. Мисалы, кыргыздардын педагогикалык маданиятында бирөөлөрдүн көзүнчө тамакты жыттап көрбөйт, бышкан тамакты таштабайт, таштаса, жолу болбой калат, алдыга келген тамакты күттүргөнгө болбойт, бышкан тамакты эң биринчи үй ээсине (эркек кишиге) ооз тийгизет, жеген тамакка түкүрбөйт, ашкан тамакты төкпөйт. Атактуу адамдар тамак ичип кеткен идиш-аяктан башкалар да тамак ичишет, ошол кишинин ырыскысы, дөөлөтү жуксун дешет, андай адамдардын берген устуканын башкалар жетишкенче талашып, бөлүп жешет.

Дагы бир «убал» түшүнүгү – «тамакты таттуу



Подпись ... заверяю
Ученый секретарь ...
КГУ им. И. АРАБАЕВА

кылган туз» менен байланышат. Туз – элдик этикалык көз караште тамакка салынуучу азык деңгээлинен алда канча өйдө чыгып, нравалык-философиялык түшүнүккө айланат. Бирөөнү тамагын ичип жүрүп ага кыянаттык кылса «тузума койдум», «тузум урсун», «тузума түкүрдү», «тузума сийди» дегендей түшүнүктөр менен туюнтат. Мында туз бир гана тамакка кошулуучу минерал абалынан бийикке көтөрүлүп, символ даражасына жеткирилет.

Элдик тыйым боюнча тузга сийбейт, тузду тепсебейт, тузду төкпөйт, тузду кошунадан карызга албайт, карызга алса, алардын шорун кошо алат дешет.

Этноэкотрадицияда суу дагы убал көз карашы менен байланышат. Суунун башаты булак дешип булактын көзүн ар дайым ачып турган, жаңы булак тапкан киши өзгөчө ардакталган, «Баланчанын же Түкүнчөнүн булагы» деп ал адамдын аты ошол булакка ыйгарылган. Булакты булгоого болбойт дешкен, анын айланасын өтө таза сакташып, малдын тезеги, акыр-чикир түшүп калса, убал болот деп кайсыл гана адам болбосун аны тазалап коюу ошол абалды көргөн адамдын вазийпасы болгон. Жугундуну аккан сууга төкпөйт, ичер сууга түкүрбөйт, суу көтөргөн апкечти (баканды) аттабайт, суунун бетин түнү ачык калтырбайт, андай кылса, түнү шайтан аралап кетет дешет. Жаман түш көрсө, аны агып аткан сууга айтат, дагы түшү жаман болгон адамдын башынан суу куюлган идишти айлантып, сууну төгүп таштаган, андан кийин идишти көмкөрүп койгон, алыс жолдон келген кишини идишке суу куюп тосуп алып, анын башынан айландырып, ооз тийгизген. Сууну ашыкча пайдалануу, ысырап кылуу – убал болгон, анын убалынан коркуп сууга мамилени таалим-тарбия даражасына, адамдын ыймандуулугунун критерийи деңгээлине жеткирген.

Адамдан чачы да этият мамилени талап кыларын элдик ишенимдер бизге чейин насааттап келди. Элдик түшүнүктө «чач – адамдын көркү» гана эмес, ал – адептик түшүнүк: чачты алган соң аңолуу, эч ким тийбеген жерге катат, чачты бирин-экин ак араласа, аларды жулбайт; чачты касташып жүргөн адамга алдырбайт; чачты жулбайт; чачты тебелебейт (баспайт); чачты жайып жүрбөйт; чачты касташып жүргөн адамдын үйүндө алдырбайт; кош кат келин чачын кыркпайт, чачын кыркуу боюндагы баласынын өмүрүн кыркууга алып барат. Андыктан чач – убал буюм катары түшүнүлгөн. Мунун өзү адамдарды гигиеналык-санитардык жактан таза жүрүүгө тарбиялоо менен алардын ыймандык түшүнүктөрүн да калыптандырган.

Көчмөндүк, мал чарбачылык уклады да кыргыздарда мал-алга өзгөчө мамилени талап кылган. Дүйнөлүк маданиятта кыргыздар эң байыртадан эле сүт азыктарын иштетүүнүн жогорку технологияларын ойлоп табышкан жана практикасында активдүү колдонгон: олобо, эжигей, курут, быштак, сүзмө, айран, кымыз, саамал, кымыран, чалап, каймак, чөбөгө, сары май, чызык, жарма, атала, максым, талкан, бозо, ак серке ж.б. азыктардын бизге жеткен жана жетпей калган түрлөрү адамзат цивилизациясына кошулган баа жеткис салым болуп саналат. Андай азыктар адамдардын күнүмдүк жашоо-тиричилигин да өткөрүп, мейман тоскон, балдарын баккан, андыктан ошол продукцияларды берген малга туура эмес мамиле кылуу убал эсептелген. Мисалы, кой сойгондо буту тушалып, кыбылага каратылып, туурасынан тартылып жаткырылат да «кудайдын жолуна кудайы» дешет, же мындай айтымдар айтылат:

Айры мүйүз, ача туяк,
Эрте бактык, кеч кайттык.
Жалынмак – бизден,
Жалгамак – сизден,
Жаның – кудаага,
Сообуң – бакканга.
Же мал соңрдогу дагы бир айтым:
Сообу – мага, жаның – кудай жолунда,
Ай мүйүздүү, ача туяктуу арналуу малым.
Адамзатмын, анча эмес алым,
Эрте айтып, кеч калдым,
Кудайым, өзүң жалгагын! ж.б.

Ушинтип малдын жанын алуудан, анын убалынан коркуп, жаратканга жалынган, малга Сиз деп ырайым менен кайрылган.

Дагы мындай тыйымдарды, ишенимдерди учуратабыз:

Койдун мээсин жаш бала жебейт. Жаш бала койдун мээсин жесе мурдунан маңкасы агып калат

Койду минбейт.

Койдун үстүнөн аттабайт.

Көсө менен мал кайтарбайт.

Мал союлган жерге отурбайт.

Мал союлган жерге даарат ушатпайт.

Малды кол менен чаап айдабайт.

Малды каратып мал сойбойт.

Малды соңрго жакын бир нече күн мурда багып, талаага чыгарбай, алалдайт.

Малды бычак менен тап берип коркутпайт.

Малды теппейт.

Малдын көзүнчө сата турганын айтпайт.



Подпись ___ заверяю
Ученый секретарь ___
ЮГУ им. ...